УДК 82/821.0

Койлубаев К.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АЛДАШ МОЛДОНУН «КӨЛ БАЯНЫ» ПОЭМАСЫНДАГЫ КӨРКӨМ ТАБИТ

Калыптанып калган ар элдин арасында илгертен бери эле дүйнөнүн, коомдук турмуштун түйүндүү маселелерине карата ой жүгүртүп, жалпы жобо же эреже катарындагы керемет сөздөрдү жаратуу тажрыйбасы орун алып келген. Бул“керемет сөздөр”–байыртан кыргыз эли бири-бири менен пикир алышканда, жомок айтып, ыр ырдаганда биринчи планга чыгып, айта турган ойду көркөмдөп, маани-мазмунун ого бетер арттырып турган. Мындай адамдарды эл чечен, сөзмөр, жомокчу-акын деп атап келишкен. Алардын айткандарын угуп турган адамдын эстетикалык ой туюмуна таасир этип, көңүл чордонунда кыт куйгандай сакталып калган. Ырда же жомокто көркөмдүк касиет канчалык күчтүү болсо, ал айтылып жаткан окуяны кооздоп, ага көрк берип, кереметтүүлүгүн арттырган. Бул байыртан берки эл чыгармачылыгында – эпостордо, жомок-уламыштарда, ар тематикадагы ырларда даана көрүнөт.

Кыргыз конушу Ала-Тоо аймагы өзүнүн ажайып кооз жаратылышы менен кимди болбосун суктандырып келген. Айрыкча, жөндөм-шыгы, таланты бар адамдар илгертен эле Ала-Тоону, анын бүт аймагын ырга, күүгө салгандыгы белгилүү. Мындай учурда ар бир шыктуу адам жаратылыштын көрүнүшүнө өз алдынча, оригиналдуу баа берүүнү, мурда айтылбаган көркөм касиеттерди эл алдына алып чыгууну максат кылган. Арийне, мындай аракет угуучуну же окурманды тажатпай, анын чөйрөгө жаңыча көз карашын калыптандырып келген. Кыргыз жеринин кайсыл тарабы болсо да кооз. Аны ого бетер кооздоп, ошол кооздукту жөн гана ырга салып койбостон, аны салыштырмалуулук, пейзаждык ыкма, таасирдүү эпитеттер менен ого бетер элестүү айтып берүү чыгармачыл адам үчүн жеңил-желпи иш эмес. Алдаш Молдо “Көл баяны” чыгармасында бул багытта кандай деңгээлге жеткен, ал эмне тууралуу айткысы келгендигине токтололу.

Жазгыч акын Алдаш Молдонун “Көл баянынын” башка акындардын жаратылыш жөнүндөгү чыгармаларынан айырмачылыгы - анын реалдуу көрүнүштү сүрөттөөдөгү көркөмдүүлүгү, жыйынтыктуу жана кыска баяндоосу болуп саналат. “Көл баяны”, “Чүй баяны” жана “Керме-Тоо”чыгармаларына салыштырмалуу көлөмү жагынан бир топ эле чакан. Бирок аны ушул турушу менен пейзаждык поэма катары кабылдоого болот. Акын аталган чыгарманы кайсыл жылы, кандай шартта жазгандыгы бизге белгисиз. Биздин оюбузча, аны акындын уулу Кемел Мадылов атасынан укканы жана элден жазып алганы боюнча кол жазмалар фондусуна өткөзгөн болуу керек. Аталган чыгарма алгач ирет 1986-жылы“Ала-Тоо”журналына, кийин 1990-жылы “Мурас”жыйнагына жарыяланат. “Көл баяны” төмөнкүдөй салттуу ыр саптары менен башталат:

Аттап кадам басайын,
Аз аңгеме сөз кылып,
Ысык-Көлдү жазайын.
Ойлоп кадам басайын,
Оюма аз келтирип,
Ысык-Көлдү жазайын[1] Андан ары акын көл көрүнүшүн баяндоо ыкмасына өтөт. Бул чакан поэманы көркөм иликтөөнү айрым квалификацияга бөлүү аркылуу ишке ашырсак, ылайыктуу болот:

[1]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999. - 716-717-бб.

1. Көлдүн табыгый панорамалык көрүнүшү;
2. Жан-жаныбарлар (айбанаттар, канаттуулар) дүйнөсүнүн сүрөттөлүшү.
3. Көл жээгинде жашаган эл.

Алдаш Молдо адаттагыдай эле, бир темптеги, ыргактуу чыгармачылык пафосу менен Ысык-Көлдүн жалпыланган аймагын көз алдыга келтирет:

Касиеттүү Ысык-Көл,
Башка жерге калганда,
Артык турган абасын,
Кадырга кантип албайын,
Кең Ысык-Көл жакасын.
...Жайлоо менен төрүң ай!
Кызыл-жашыл, сары-ала,
Буруксуган көлүң-ай!
Жайдын күнү болгондо,
Жайып койгон килемдей,
Жаркыраган төрүң-ай![2]

Бири-бирине кыналышкан, ошол эле учурда бири-бирин сүрөп чыгаргандай болгон бул ыр саптарындагы соңку “ай” деген сөздөр ырдын көркөмдүгүн ого бетер арттырып, жандуу эффект берип турат:

Какыраган ташы жок,
Ат чабуучу түзүң-ай!
Айнектей болуп агарган,
Жаркыраган жүзүң-ай!
Жарды, байы тең болуп,
Жан сактаткан өзүң-ай![3]

Акын көлдү жалпылап сүрөттөөдөн чегинип, мурдагы жазгыч акындардын чыгармачылыгында көп кездеше бербеген, бөксө тоолордун жайгашуусуна окурмандын көңүлүн тартат. Мисалы:

Кой көздөнгөн сары адыр,
Орто кылып жаратты.
Тепке менен Тасманы,
Күңгөй менен тескейге,
Толто кылып жаратты.
Кум-Дөбө менен Сары-Дөбө,
Тушташ кылып жаратты.
Бөйрөмчө Көңдөй талаасын,
Бурчтуу кылып жаратты.
Маңдайында Бөрү-Баш,
Учтуу кылып жаратты.
Жети-Өгүздүн Күн батыш,
Кара Көңгөй тоосу бар.
Башында карлуу зоосу бар.
Чала кескен киндиктей,
Оргочор деген тоосу бар[4]

Акындын мындай ой чабыты бул жерлердин – Көл аймагынын реалдуу

[2]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999. - 716-717-бб.
[3]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999. - 717-б.
[4]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999. - 718-б.

көрүнүшүнө дал келип, көркөм аңдап-билүү сезимин күчөтөт. Ошол кездеги Каракол шаары жөнүндө:

Капкалуу шаар Каракол,
Түрлүү алма шагы бар.
Дүкүйүп жаткан багы бар.
Сарт - ногою аралаш,
Ичинде дунган дагы бар.
Кайың менен тереги,
Карагай, жыгач, талы бар.
Телегейи тептегиз,
Дүнүйөсү жамы бар.
Айчылыктан сөз келсе,
Көз ачкыча жеткизген,
Болоттон кылган зымы бар.
Карагайдын боорунда,
Кагып койгон чыны бар[5], - дейт да Каракол шаарынын өнүгүп баратканын телеграф зымынын келиши аркылуу сүрөттөйт.

Алдаш Молдо Молдо Кылычтын "Канаттуу куштар" чыгармасындагыдай эле, "Көл баянында" анын жандуужаратылыш дүйнөсүнө да токтолот. Арийне, бул жан-жаныбарларды санап, атын атап гана коюу эмес. Ири алды, акын андай жанбарлардын жаратылыш менен эриш-аркак айкалышып жашагандыгын, алар жердин табият тартуулаган көркү экендигин поэтикалык көркөм ыкмага салып баян кылат:

Касиеттүү Ысык-Көл,
Илбээсини мындан көп.
Ителги кушун салгандай,
Каз, каркыра, тоодагын,
Карчыга илип алгандай.
Калайык журт баарысын,
Кадыр-баркка малгандай.
Кубаты күчтүү кудайым,
Жаратат экен ар кандай.
Башка жерден эң сонун,
Адам айран калгандай[6]

Белгилүү болгондой, мындан канча жыл мурда Ысык-Көлдүн фауна, флорасы өтө жаш болуп, кол тийбеген байлык катары эсептелген. Акындын оюн чабыттатып, жан дүйнөсүн козгогон мындай көрүнүш анын аталган чыгармасынан табыгый–шарттуу түрдө орун алып, окумандын кызыгуусун арттырат.

"Көл баянында" Алдаш Молдо ушул аймакта элдин ырыскыга магдырап, берекелүү жашап жаткандыгын өзгөчө берилүү, акындык чоң даремет менен айтат. Биздин болжолубузда, чыгармада сүрөттөлгөн кез – 1918-жылдардын тегереги болуу керек. Муну Караколго алгач телеграф зым карагайлары орнотула баштаганын сүрөттөгөнүнөн улам билүүгө болот. Бирок бул кезде жалпы эл айыл (кыштак) болуп бирикпестен, жайкы жана кышкы конуштарда күн өткөрүшкөн. Акын Көл айланасындагы калкты ошол турушу боюнча ырга айлантат.

Кең Жети-Өгүз жеринде,
Коңурат, Дөөлөс, Саруусу.
Кызыл-Суу, Жууку жеринде,

[5]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999. - 719-б.
[6]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. -Б., 1999. - 71-б.

Дуулап жатат баарысы.
Көл бетинде калганда,
Жети-Өгүз жердин соорусу.
Барскоон, Тамга баарында,
Бапа, Желдең баарысы,
Жан сактап жатат өзүнчө.
Тоңу менен Тосордо,
Жакшылык Торгой, Кыдыкта.
...Ысык-Көлдүн аягы,
Көлдүү белек башында.
Жыргап жатат калыгы,
Болукшуп жатат Арыгы[7]

Акын ушул аймактагы элге тынччылык берсин деген ак тилек менен чыгармасын жыйынтыктайт.

Алдаш Молдонун “Көл баяны”чакан поэмасына атайылап кененирээк кайрылганыбыздын себеби – бул чыгарма мурда адабий иликтөөнүн объектисине алынган эмес. Акындын “Хал заман”, “Үркүн”, “Ормон-Балбай” поэмаларынын тегерегинде гана сөз болуп, адабияттаануучулар “Көл баянын” көз жаздымда калтырып келишкен. Чындыгында, Алдаш акындын бул көлөмдүү ыры биз сөз башында белгилегендей, пейзаждык поэманын бардык талаптарына жооп берип, атайын иликтөөгө арзыйт.

Жыйынтыктап айтарыбыз, мында Көл аймагынын кеңири полотносу жазгыч акындын көз карашында, чыгармачыл кабылдоосунда ар тараптуу чагылдырылган.

Адабияттар:


1. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999.
2. Мурас. - Ф., 1990.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б., 2002.


[7]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999. 719-б.